„БИЗДИН КЫЗ"

1-куплет.

Биздин кыз биздин кандай кыз,
Жагылган жарык шамдай кыз.
Таалими күчтүү башынан да,
Адеби артык балдай кыз.
Кызыбыз биздин айдай кыз,
Мүнөзү жагым майдай кыз.
Бүткөндөй күндүн нурунан да,
Көңүлү аткан таңдай кыз.
КАЙЫРМА:
Келечегиң жаркырап,
Кенен болсун ай кызым.
Тилегиңди кудайым,
Берген болсун ай кызым.
2-куплет.
Биздин кыз биздин таттуу кыз,
Акылы менен барктуу кыз.
Энесин тарткан эстүү кыз да,
Атасын тарткан нарктуу кыз.
Кызыбыз биздин эстүү кыз,
Түпкү атасы тектүү кыз.
Ата-эне андан аянбайт да,
Болушунча септүү кыз.
КАЙЫРМА:
Кайын энеңди кадырлап,
Жандай көргүн ай кызым.
Кайын атаңды кастарлап,
Хандай көргүн ай кызым.
3-куплет.
Биздин кыз биздин жакшы кыз,
Жактырабыз жалпыбыз.
Жабыркатпай кудагый да,
Жакшы бир күтүп алыңыз.
Кызыбыз биздин асыл кыз,
Баа беребиз баарыбыз.
Алтындай кызга жолуккан да,
Артык бир экен багыңыз.
КАЙЫРМА:
Ак жоолугуң башыңдан,
Түшпөс болсун ай кызым.
Турмуштагы кубанычың,
Бүтпөс болсун ай кызым.
Кармашкан бир колуңар,
Бекем болсун ай кызым.
Каалаганың жолуңда,
Белен болсун ай кызым.
БАКТЫЛУУ БОЛ АЙ КЫЗЫМ!!!